

Проект «Повышение потенциала женщин, занятых в сельском хозяйстве, в вопросах защиты здоровья» при поддержке Фонда местного сотрудничества Посольства Финляндии в Казахстане

# ПЕСТИЦИДДЕРДИ САТЫП АЛУУДА ЭМНЕНИ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ



## Төмөндөгүлүр жок пестициддерди колдонууга жол берилбейт:

- ☑ таңгак этикеткасы;
- ☑ сактык чараларын баяндоо менен колдонуу боюнча сунуштамалар;
- ☑ препаратты пайдалануу эрежелери;
- ☑ ууланган учурларда дарыгерге чейинки жардам;
- ☑ колдонулган жабдууну жана таңгакты зыянсыздандыруу жолдору.

**«Көз карандысыз экологиялык экспертиза» КБ**
www.eco-expertise.org
Тел./факс +996(312) 578 372
7-кичирайон, 30-үй, 1-батир,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы.



# АР БИР ПЕСТИЦИДДИ ЖЕ АГРОХИМИКАТТЫ САТУУДА КОШТОЙ ТУРГАН МААЛЫМАТ

- товардын аталышы;
- даярдоочунун (сатуучунун) жайгашкан жери (дареги), фирмалык аталышы (аты);
- импорттук товар үчүн - товар чыккан өлкөнүн аталышы;
- техникалык жөнгө салуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте товарлардын шайкештигин милдеттүү түрдө ырастоо жөнүндө маалымат;
- товардын негизги керектөө касиеттери жөнүндө маалымат;
- товарды натыйжалуу жана коопсуз пайдалануу эрежелери жана шарттары;
- жарактуулук мөөнөтү, ошондой эле көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийинки сатып алуучунун зарыл иш-аракеттери жана товарлар көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин сатып алуучунун өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө корукунч жаратса же арналышы боюнча пайдаланууга жараксыз болуп калса, мындай иш-аракеттерди аткарбагандыктын мүмкүн болуучу кесепеттери жөнүндө маалымат;
- баасы сом менен жана товарды сатып алуу шарттары;
- текст кыргыз жана орус тилдеринде берилет.

## Өнүмдүн этикеткасы жана колдонуу боюнча нускама менен таанышуу

Химикаттарды сатып алуудан мурда затты кантип туура пайдалануу керек жана кандай коопсуздук чаралары көрүлүшү керектиги жөнүндө таңгактагы нускаманы окуңуз.

Пестициддер этикеткадагы сунуштамаларга ылайык колдонулушу керек. Аларды тандоодо тандалган препараттын курамынын таасиринин потенциалдуу коркунучун баалап, этикеткада кандай чачуу ченемдери көрсөтүлгөнүн баалоо зарыл.

Пестициддерди чыгымдоо ченемдерин сактабагандык айдоонун жок болушуна, топуракта пестициддердин топтолушуна, курчап турган чөйрө объекттеринде патогендик микрофлоранын жана башка кооптуу биологиялык агенттердин пайда болушуна, ошондой эле айыл чарба өндүрүмүндө пестициддердин, алардын уулуу кошундуларынын, калдык өлчөмүнүн ашырууга алып келиши мүмкүн.